Казак, кыргыз аралап,
Эки тилде бипбирдей,
Элирип ырдап жүрчү эле [3, 67-б.]. Эсенаман акындын талантын, ыр куруу чеберчилигин, казак, кыргыз тилинде бирдей төккөн "айтыштын жоргосу" болгонун башка акындардын ыр саптарынан кезиктире албайбыз. Замандашына болгон сый, туура баа берүү десек болот.

Адыгене Нурмолдо
Аят сөзү бир жорго.
Дагы бир тойдо көргөмүн,
Көрүп көңүл бөлгөмүн,
Молдолугу бар экен,
Нур бетинен төгүлгөн,
Сымбаты ашкан жан экен,
Шарияттан шар экен,
Сөз өктөмүн кетирбес
Сүйлөгөнү курч экен.
Пайгамбардын тарыхын
Балкып ырдап турганда
Кол жетпеген мүлк экен [3, 68-б.]. Өтө акындын Жеңижок атка конушуна байланыштуу окуяда акын менен базарда айтышкан айтылуу Нурмолдо акын тууралуу маалымат баарына маалым. Ал эми ошол Женижоктун өнөктөшү Нурмолдо акын тууралуу Арстанбек акындын бул саптары – эң сонун эскерүү.

"Кээ бир акындардын ырлары көбүнчө сезимге гана негизделип, маани жагынан өтө тайкы келет. Арстанбектин ар бир ооз ырынан маани майдай тамчылайт. Кээде Арстанбектин төрт ооз ырынын мааниси өзүнчө бир поэмага тете келет", - деген Тазабек Саманчиндин пикирине кошулбаска арга жок.

**Адабияттар:**

1. Кебекова, Б. Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери [Текст] / Б. Кебекова. - Бишкек: Турар, 2009.
2. Кебекова, Б. Арстанбек [Текст] / Б. Кебекова. - Бишкек: Илим, 1994.
3. Арстанбек [Текст] / Жыйнакты түзгөн жана басмага даярдаган Б. Кебекова. - Бишкек, 1994.

DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-60-235-242
УДК: 82-1

***Токтоматова Г. О.***, *окутуучу*
*toktomatova21@gmail.com*
*ORCID: 0009-0003-2013-7127*
*ЖАМУнун педколледжи*
*Жалал-Абад ш., Кыргызстан*

## АРСТАНБЕК – АЙТЫШ ӨНӨРҮНҮН УЛУУ УСТАТЫ

*Макалада Арстанбек Буйлаш уулунун инсандык жаратмандык кудуретинин, чыгармачыл жөндөмүнүн кайталангыс даражада ачылышы, сапаттык жактан жаңы, нукура терең, теңдешсиз ажайып чыгармаларды жараткан, эч ким бара элек бийиктиктерди ачкан, айтыш өнөрүнүн туу чокусуна жеткен даанышмандыгы, акындын назик жан дүйнөсүндөгү өзгөчөлүктөр, турмуш чындыгын чагылдыруудагы усталыгы, эстетикалык кабылдоосу, бардык нерсени кылдат түшүнгөн кыраакылыгы жана баа берүүчүлүгү, аны*

*комуздун коштоосунда, төкмөлүк өнөр менен ширелиштерип, өзгөчө сөздөрдүн уйкаштыгы менен айкалыштыруу таланты, чыгармаларындагы турмуштагы кооздукту сезе жана туя билген сезимдерин комуз ыргагына салып элге эстетикалык ырахат тартуулоосу, өз оюн жана сезимдерин ар кандай жол менен так жана даана жеткирүү жөндөмү, адамдар менен конструктивдүү иштеше билүү кызматташтыгы, башкалардын кайгысын тең бөлүшкөн боорукердиги ж. б. жөнүндө айтылат*

*Арстанбек – улуу акын, ойчул, көсөм-философ, олуядай көзү ачык, даанышман, виртуоз комузчу, кара нөшөрдөй төкмө ырчы. Анын чыгармалары гумандуулугу, сынчыл реалдуулугу, элдин эсинде эскирбестиги, жүрөгүндө, рухунда, эстетикалык аң-сезиминде бүгүнкүгө дейре жашап, эл оозунда өзгөчө сиңимдүүлүгү менен жашап келе жаткандыгы менен сыпатталат.*

***Түйүндүү сөздөр**: замана агымы, өкүлү, төкмө, олуя, манасчы, айтышчы, мекенчил, боорукер, комузчу, философ, көрөгөч.*

***Токтоматова Г. О.,** преподаватель*
*toktomatova21@gmail.com*
*ORCID: 0009-0003-2013-7127*
*Педагогический колледж ЖАГУ,*
*г. Джалал-Абад, Кыргызстан*

## АРСТАНБЕК – ВЕЛИКИЙ МАСТЕР ИСКУССТВА РЕЧИ

*В статье речь идет об Арстанбеке Буйлаш уулу, об его высокой созидательной силе личности, раскрытии творческого потенциала в самой высокой степени, о создании им новых, оригинальных, глубоких, несравненных произведений, об открытии им тех вершин, до которых до него никто еще не доходил, о том, что он смог достичь вершины мастерства в искусстве айтыша, об особенностях его чувственного и нежного внутреннего мира, мастерстве в отражении жизненной правды, его особенности эстетического восприятия в умении тонко чувствовать, понимать и оценивать, его талант по выбору и нахождению точных рифмующихся слов и умении передавать все это в сопровождении комуза как поэта-импровизатора, также проявление его чувств по отношению к красоте в произведениях, о предоставлении этим народу эстетического наслаждения с комузом, умении выражать свои мысли и чувства точно и ясно посредством разных путей, об его коммуникативности, умении конструктивном сотрудничестве с людьми, об его умении делиться горем других людей, доброте и мн.др.*

*Арстанбек – великий поэт, мыслитель, лидер-философ, яснoокий, как святой, мудрый, виртуозный комузист, певец, льющийся словно дождь. Его нестареющие произведения в памяти народа своей гуманностью, критической реальностью остаются в сердцах людей, душах, эстетическом сознании и с особой увлеченностью продолжают жить в устах людей.*

***Ключевые слова**: представитель времени заманистов, поэт, святой, манасчи, оратор, патриот, добрый, комузист, философ, провидец.*

***Toktomatova G. O.,** teacher*
*toktomatova21@gmail.com*
*ORCID: 0009-0003-2013-7127*
*College of Jalal-Abad State University*
*Jalal Abad, Kyrgyzstan*

## ARSTANBEK IS THE GREAT MASTER OF THE ART OF SPEECH

*The article is about Arstanbek Buylash uulu, about his high creative power of personality, revealing his creative potential in the highest degree, about his creation of new, original, deep, incomparable works, about his discovery of those peaks, to which no one had reached before, about the fact that he was able to reach the pinnacle of mastery in the art of Aytysh, about the peculiarities*

*of his sensual and tender inner world, mastery in reflecting the truth of life, his peculiarities of aesthetic perception in the ability to feel subtly, understanding and evaluation, his talent in choosing and finding the exact rhyming words and the ability to convey all this accompanied by komuz as a poet-improviser, also the manifestation of his feelings towards beauty in his works, about providing these people with aesthetic pleasure with komuz, the ability to express his thoughts and feelings accurately and clearly through different ways, his communicative ability, the ability to cooperate constructively with people, his ability to share the grief of others, kindness and many others. etc.*

*Arstanbek is a great poet, thinker, leader-philosopher, clear-eyed as a saint, wise, virtuoso komuzist, singer, pouring like rain. His timeless works in the memory of the people with their humanity, critical reality remain in the hearts of people, souls, aesthetic consciousness and with special passion continue to live in the mouths of people.*

***Key words:*** *representative of the time, poet, saint, storyteller, speaker, patriot, clan, poet, philosopher, seer.*

Арстанбек Буйлаш уулун буга чейин окумуштуулар өз изилдөөлөрүнө алышкан. Арстанбектин поэтикалык, музыкалык бай мурасын жыйноо, иликтөө иштери 20-30-жылдары К. Мифтаков тарабынан башталып, 40-жылдары белдүү окумуштуу-адабиятчы Тазабек Саманчин жыйналган материалдардын негизинде акындын чыгармачылыгы тууралуу биринчи жолу “Арстанбек” аттуу салмактуу эмгегин жарыялаган [1]. Арстанбектин рух даражасы, талант таразасы, инсандык, акылмандык, жаратмандык энергиясы, кудурети-кубаты кандай уникалдуу экендигин бүтүндөй профессионал адабиятчы-адистер даярдаган фундаменталдык изилдөөлөрдө да биротоло кенен, терең ачып берүү деле мүмкүн эмес. Белгилүү изилдөөчү окумуштуулар К. Мифтаков, Т. Саманчин, Б. Кебековалар Арстанбектин ажайып поэзиясынын деңиздей айдыңына, чалкар ааламына терeңден сүңгүп кирүүгө, майдалап талдоого алууга таптакыр мүмкүнчүлүк жок экендигин айтышкан. Ошондой болсо да биз Арстанбектин чыгармачылыгын айтыш өнөрүнүн улуу устаты өңүтүндө изилдөөгө аракет жасадык.

Салттуу поэзияга айланган туруктуу тема – салт ырларындагы саламдашуу, учурашуу ырлары же эскерүү ырлары. Арстанбек өз мезгилинде бир топ акындар, мисалы, Жеңижок, Чонду, Сүйүмбай ж. б. менен беттешкен. Мисалга Арстанбектин, казак акыны Каңтарбай менен беттешүүсүн алып көрөлү. Бул беттешүү Каркырада кыргыз-казак чогулган бир чоң жыйында өтөт. Казактын Кантарбайы өз элине аты чыккан, сөзмөрлүк айтыш жагынан эч кимди астына салбаган белгилүү акыны болот. Аны Каркырага Мөңке аттуу казактын бийи ээрчитип келет. Ал эми кыргыздар болсо Арстанбекти атайылап бул чоң жыйынга алдырышат. Учурунда мындай эки элдин катышкан чоң жыйындарынын шаанисин ачып, кызыктуу кылып, олжого жеткирүү, керек болсо, төбөлдөргө мансап, даңктуулук, көпчүлүк элге таанытуу да төкмө акындардын чыгармачылык дараметинен көз каранды болгон. Ошондо Арстанбек сөз баштап,

Оо казактан чыккан Каңтарбай
Сен домбуранды чалганча,
Ойбойлоп обон салганча,
Каркыра учар толгонуп,
Каракуш кетер ойгонуп.
Калың кыргыз отурат,
Сөздү сынга толтурат,

Сен Каңтарбай, мен Арстанбай, - деп комузун колго алып, андан ары ырын шыр төгүп ырдап баштайт:

Сөз туурасын айталы,
Тозок отун жазданбай,
Мөңке[1] бий айткан кеп эле,
Арстанбек кимден кем эле,
Санат сөзүм сан эле,
Санжыра сөзүм кап эле.
Нуска сөзүм кум эле,
Кордосом сөзүм шум эле,
Айтышканы турусун,
Беделиң түшүп калбасын,
Казак, кыргыз ичинен
Мага тең келер ырчы жок эле.
Оозум менин шок эле.
Теңселе туруп кетүүчү,
Теңдеше турган сөз таппай,

Терме сөзүм ок эле, - деп башын жаңсап, Каңтарбайга өзүнүн айтыш боюнча чын дараметин көрсөтө мындан ары экөөнүн айтышы кайсы багытта болорун билдирет. Бул ыр саптарда Арстанбектеги сөзмөрдүктү анын сүйлөө интеллектинин белгиси катары карасак, сүйлөөнү үйрөнүп жатып ойлонууну, жыйынтык чыгарууну жана башкалар менен баарлашууну үйрөнөбүз. Эне тилинде катылган руханий баалуулуктарды жана ой жүгүртүү образын изилдеп элестетебиз.

Акын ырын андан ары санат ырдан баштап, санатын журтка таштап, бирден терип сындап, сөз жакшысын ылгап, уламадан улап, улуулар сөзүн курап замана ырын ырдайт:

Оо, армандуу дүнүйө,
Булут минсең жетпейсиң,
Мурункунун наркына.
Буркурайсың түтүндөй,
Байыркынын мингени,
Кылтылдаган ат болгон,
Кыргызга ким тең болгон,
Баатырлары көп болгон,
Байыркыга сөз болгон,
Жомогу жолдо айтылган,
Жоругу жолдо камтылган.
“Манасын” айтып батпаган,
“Семетейин” септеген.
Ашка, тойго чакырып,
Аземдеп күлүк чабуучу,
Ырчылар чыгып ортого,
Сөз күлгүнүн табуучу,
Кыздары кымкап кийчи эле,
Кылыгы журтка тийчи эле,
Жасалоочу соту жок,

Калктын болчу көңүл ток, - деп калк насилин, каада-салтын, үрп-адатын, отурган көпчүлүктүн ушул күнгө чейин жашап өткөн доорун таамай айтып, «кунан-тайы мингисиз, кулу-бийи белгисиз, эми кайран заман куурулар, капыр менен мусулман, камырдай болуп жуурулар, кайран гана кыргыздын башын орус кармаганын», башалык

менен башкарганын айткан. Мындай поэзиянын идеялык-тематикалык маңызы менен мазмуну кыргыз жергесине орус падышачылыгы үстөмдүк кылганга чейинки турмушту, феодалдык-патриархалдык мамилелерди, ислам жол-жоболору менен адеп-ахлакты көксөө, көкөлөтүү, орус оторчулугу алып келген тартиптерди, жер ээлеп алууну, пейилдин, адептин бузулушун сындап-айыптоо катары мүнөздөлүп айтылган.

Мурункудан барк кетти,
Каада-нуска нарк кетти,
Каршы турар чама жок,
Казак, кыргыз басынды,
Азаматтан ал кетти,
Айры өркөчтүү нар кетти, - деп сөзүн улап зар какшап, отурган элдин баарынын жашоодон кыйналып көргөн күнүн тизмектеп айтып өттү. Акындын бул ыр саптарынын мааниси кээде кишинин жүрөк үшүткөн муңун айтса, кээде анын келечеги жөнүндө кайгырган кейиштүү абалын таамай чучугуна жеткирип, угуп отурган элди эс-акылынан алып, кылар ишин унуттуруп, көзүнөн жашын төгүлтүп, кээде акыл-насаат ырын төгүп, кээде шайыр-шатман көңүлдөрүн көтөрүп ырдап, бирок каршысында турган айтышам деп келген акындын биринен да жеңилбеген сөзмөр экендигин далилдеген. Эгерде орус падышачылыгы кыргыздарга басып кирип, үстөмдүк кылбаганда, акындын бул өнүттөгү ыры, балким, башкача мааниде чыгар беле, анын ырлары куугунтукка алынып, жок болуп кетпей, кулачын жайып, эл арасында мындан да күчтүүрөөк болуп жашайт беле.

Беттешүүнүн аягында казактан чыккан Каңтарбайга:
Замана ырын ырдачы,
Калпыңды айтчы калтырбай,
Бул орустун келгени
Каада кандай, калк кандай?
Санаа кандай, салт кандай?
Ажың кандай, ал кандай?
Диниң кандай, дил кандай?
Ханың кандай, жат кандай?
Пашааң кандай, бай кандай?
Жакшың кандай, жай кандай?
Жайыт кандай, төр кандай?
Бийлик кандай, бий кандай?
Элиң кандай, эр кандай?
Эми сенден тыңдайлы,
Айттым окшойт бир далай, - деп суроо узатты.

Арстанбек ырын ырдап бүткөндө Каңтарбай обдула калып: - Мен жооп бербей ак жеңилдим, - деп ыраазылыгын билдирген.

Жолдо келе жатканда казактын Каңтарбайды ээрчитип барган султаны Тезек төрө:

- Бу кандай болду, казактын ичинде эң мыктысы элең, Арстанбектин алдында бөрүнү көргөн күчүктөй короого кире качтың гой. Бир ооз жооп берүүгө жарабадың дегенде, ал:

- Арстанбек жети суу кечип өткөн акыр замандын ырчысы экен. Эки ыйыгында эки периштеси отурат, ошолордун айт дегенин айтып жатыр. Акыр заман болмак болду гой, - деген экен. Анын ойчул, көсөм-философ, олуядай көзү ачык, даанышман экендиги мына ушул окуядан байкалып турат. Буйлаш уулу бир эле Каңтарбайды эмес,

бир далай акындарды жеңип, алдына эч кимди түшүргөн эмес. Ошондуктан эл ага "Булбул" аттуу атак берген.

Арстанбек жаш күнүнөн атасынын койчулары менен кой кайтарып өсөт. Ушундан улам, анын чыгармаларында турмуш-тиричилик жагдайлары жөнөкөй адамдардын көз карашынан чагылдырылган. Ал байдын баласы болсо да, жаштайынан жетинип кийинбей, тоюнуп жебей, көп кыйынчылыктарды башынан өткөрүп, (айрыкча, 16 жашка чейин) жашагандыктан болсо керек, 54 жашында оор дарттын айынан дүйнөдөн көзү өткөн экен. Анын ден соолугу начарлап, оорунун кесепетинен элди мурдагыдай көп аралай албай, арман-бугу ичине толуп, акыркы керээз ырын ырдаганы да эл оозунда эскирбей (эгерде анын ырын топтоп жазып алгандарды куугунтукка алып жок кылбаганда, балким, азыр биздин колубузда көп материалдар болмок), көбүнөн азы жетип келиптир.

Арстанбектин керээзиндеги төмөнкү ыр саптарын карап көрсөк:

Сай-сайдын башы кыр болот,
Санаамды айтсам ыр болот.
Аа дүйнө кетер окшодум,
Менин санатым айтар ким болот?
Арманы болор мергендин,
Алганы болор бергендин.
Күнөөсү болор күлгөндүн,
Күйүтү болор өлгөндүн.
Тоо-тоонун башы кыр болот,
Толгонуп айтсам ыр болот.
Оо дүйнө кетер окшодум,
Менин толтурчу ордум ким болот?
Өзөндүн көркү тал болот,
Өрүштүн көркү мал болот.
Аялдын көркү эр болот,
Аргымак көркү жар болот.
Үйдүн көркү кыз болот,
Аштын көркү туз болот.
Тирүүнүн көркү сый болот,
Өлүүнүн көркү ый болот.
Айланайын эл-журтум,
Менин арманым айтар ким болот?
Тилим бир шиңгил жылаажын,
Ажал жетип күн бүтсө,
Өлүмгө жок ылаажым.
Ушул дүйнө шум жалган,
Шум жалгандан ким калган?
Торгой – куштун акыны,
Булбул – куштун мырзасы,
Күн тегерек, сабы жок.
Күнчө жылдыз табы жок,
Жакшыга жаман жеткен жок,
Шар аккан ууда өткөөл жок,
Өлүмдөн кыйын душман жок,
Оо, калайык, чогулуп,

Коштошкону келипсиң:
Айта турган ырым бар,
Ача турган сырым бар,
Алланын берген ак сөзүн,
Капка салдым ийнелеп,
Сүйрөтүп жүрдүм чийнелеп,
Каптын оозун сөгөйүн,
Ырымды кумдай төгөйүн,
Булбул элем ташындым,
Муунум бошоп жашыдым,
Балаларым жаш калды,
Үйдүн баары бош калды, - деп муңдуу арманын баарын чогултуп айтып, Солтобайга керээз таштаган экен.

Көзүм өтсө, Солтобай,
Нуска сөзүм таштаба,
Жеткире айткын маанисин.
Кайран булбул сөзү деп,
Артымда элим таанысын,
Айтылып калса калкымда,
Арстанбек неге карысын.

Акын өмүрүнүн акырындап көрөр күнү, ичер суусу аз калып, оо дүйнөгө эч нерсеси жок кетери, анын бул дүйнөдө тапкан, жан дүйнөсүнөн жаралган санаттары, ырлары, үй-бүлөсү, мал-мүлкү баарысы калып жатканына армандуу болуп, аны ишенимдүү адамына тапшырып, мен жөнүндө элим дайым эстеп жүрсүн деп, өзүнө ырларынан эстелик куруп калтыргандай.

Анын акылмандык, мекенчил, боорукердик, элди ынтымакка чакыруу маанисиндеги эл төбөлдөрүнө айткан ыр саптары дагы бар:

Жоо келгенде жоолашкан,
Доочу келсе доолашкан,
Журт башчысы кадырман,
Баатырды алган бул өлүм,
Ит төрөсү – Кумайык,
Куш төрөсү – Буудайык,
Муну да алган бул өлүм.
Аз күнчүлүк өмүрдө
Аркы-терки теминип,
Аргымак атың жоорутпа,
Алабарман сөз сүйлөп,
Азамат көөнүн оорутпа.
Жетимге камчы көтөрбө,
Жесирдин отун өчүрбө,
Жалгызга камчы көтөрбө,
Жардынын отун өчүрбө,
Жакының менен жоолашпа,
Өнбөс доону доолашпа,
Сөзү октой жамандан
Жакын жүрбөй оолакта.
Карынын сөзүн капка сал,

Калк оозунда нуска бар,
Сөз кезеги келгенде
Акыры башка бир өлүм,
Калыс сөзүң айта сал.
Кылтылдаган арамды,
Кылычтабай башка сал.

Бул ыр саптарында акын акылмандыгы, сөзмөрдүгү менен элдин улуулугун, нарктуулугун, кыргыздын кандай эл экендигин белгилеп, журт жакшыларына кеп-кеңешин төкмөлүк өнөрдүн чегинде жеткирген.

Ошентип, Арстанбектин чыгармачылыгын, талантын баалап, ар тараптуу изилдей берсек, баа жеткис байлык болмок, чынында эле, чыгармаларынан өзү эңсегендей эстелик курулмак.

**Адабияттар:**

1. Арстанбек [Текст] / Түзгөн: Б. Кебекова. - Бишкек, 1994.
2. Жумабаева, Д. Акындар поэзиясын окутуунун технологиялары [Текст] / Д. Жумабаева, Ф. Кайымова. - Бишкек, 2023.
3. Жусупбеков, А. Жеңижок [Текст] А. Жусупбеков. - Бишкек, 2017.
4. “Эл адабияты” сериясы Бишкек [Текст]. - Бишкек, 2016.
5. https://vostoka.ucoz.com/publ/1-1-0-2986 . Арстанбек Буйлаш уулу.docx.